ТҮНДҮК
электрондук өз ара
аракеттенүү борбору

# «ТҮНДҮК» ВЕДОМСТВОЛОР АРАЛЫК ЭЛЕКТРОНДУК ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ ТУТУМУ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ЖАНА БАЙЛАНЫШ МАМЛЕКЕТТИК КОМИТЕТИНЕ КАРАШТУУ

## «ЭЛЕКТРОНДУК ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ БОРБОРУ» МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАСЫ

## «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутуму деген эмне?

«Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутуму – бул мамлекеттик жана муниципалдык органдарга, ошондой эле юридикалык жактарга, жарандарга жана уюмдарга электрондук түрдө мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды сунуштоо үчүн зарыл болуучу маалыматтар менен алмашууга мүмкүндүк бере турган маалыматтык тутум.

«Түндүк» долбоорунун максаты – мамлекеттик бийлик органдарында башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу, коррупцияны олуттуу кыскартуу, жарандар жана ишкерлер үчүн аныкталган маалыматтарды алууну автоматташтыруунун жана камсыздоонун, мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүлөрдүн сапаттуу жана ыкчам колдонуунун эсебинен бюрократиялык бөгөттөрдү төмөндөтүү.

## «Түндүк» тутуму эмне үчүн керек?

«Түндүк» тутумун колдонуудан улам министрликтер, ведомстволор, мамлекеттик ишканалар, муниципалдык бийлик органдары же башка уюмдар (юридикалык жактар жана жеке жактар) бири бири менен маалыматты жарандардан маалымкаттарды сураштыруу зарылдыгысыз, тике алмаша алышат. Мында:

- «Түндүк» платформасы аркылуу өтө турган каалагандай аракетке автоматтык түрдө кол коюлуп, документ (маалымкат, отчет) болуп калат;
- ар бир уюмда анын «Түндүк» боюнча өз ара аракеттенүү тарыхы сакталат;
- тарыхка расмий кол коюлат, жана аны сотто пайдаланууга мүмкүн болот;
- каалагандай мамлекеттик орган кандай маалымат, кимге жана качан берилгенин дайыма билип турат;
- өз ара аракеттенүү тарыхын жасалмалоого мүмкүн эмес, ал автоматтык түрдө түзүлөт.

«Түндүк» тутумунун иштөө **принциптери:**

- **ачык-айкындык:** маалыматтар «Түндүк» тутуму аркылуу өткөн учурда маалыматтардын аныктыгы, айкындыгы, бүтүндүгү жана аны колдонуу мүмкүндүгү камсыздалат;
- **жеткиликтүүлүк:** «Түндүк» тутумун пайдалануучу эки маалыматтык тутумдардын ортосунда маалымат алмашуу учурунда камсыздалат;
- **купуялуулук:** маалыматтарды шифрлөөнүн жана кызматтан пайдалануунун эки деңгээлдүү (кош) авторизациялануусунун жардамы менен камсыздалат. «Түндүк» тутуму убактылуу үзүплүп калуудан жана кибератакалардан корголгон.
- **технологиялык нейтралдуулук** (платформадан көз карандысыздыгы) – «Түндүктүн» катышуучуларынын маалыматтык тутумдары маалымат алмашуунун жалпы эрежелерине, маалыматтык тутумдарды бир конкреттүү платформага көчүрүү зарылдыгысыз адаптациялананышат. «Түндүк» тутуму программалык камсыздоонун платформаларынан көз карандысыз колдонмо шлюзу катары ишке ашырылган. Башкача айтканда, мамлекеттик органда кандай программалык камсыздоо колдонулгандыгы мааниге ээ эмес, «Түндүк» тутуму каалагандай маалыматтык тутумга ыңгайланыша алат;
- **көп тараптуулук:** «Түндүк» тутумунун катышуучулары каалагандай кызмат көрсөтүүгө кирүү уруксатын суроо мүмкүндүгүнө ээ болушат.

## «Түндүк» системасын ишке киргизүүсүн жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар

1. «Электрондук башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы;
2. «Электрондук колтамга жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы;
3. «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы;

4. «Түндүк» электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасындагы маалыматтык системалардын өз ара аракеттенүүсүнө карата талаптарды бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 11-апрелиндеги № 200 токтому;
5. «Мамлекеттик маалыматтык системалар базасында камтылган маалыматты коргоо талаптарын бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы № 762 токтому;
6. «Жеке маалыматтарды маалымат тутумдарында иштетүү учурунда аткарылышы жеке маалыматтардын корголушун белгиленген деңгээлде камсыз кылуучу, жеке маалыматтардын коопсуздугун камсыз кылууга жана коргоого талаптарды бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы № 760 токтому;
7. «Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетинин алдындагы «Электрондук өз ара аракеттенүү борбору» мамлекеттик ишканасын түзүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому

## «Түндүк» тутуму качан ишке киргизилген?

«Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутуму ишке киргизилген программалык камсыздоо (мындан ары – «Түндүк» тутуму), Кыргыз Республикасына Эстония тарабынан 2016-жылы өткөрүлүп берилген. Пилоттук, б.а. эксперименталдык режимде тутум бир нече ведомстволорнун ортосунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-октябрындагы № 436-р буйругунун негизинде иштей баштаган.

2018-жылы тутумду толук масштабдуу ишке киргизүү үчүн өз алдынча болгон Кыргыз Республикасынын маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетине караштуу «Электрондук өз ара аракеттенүү борбору» мамлекеттик ишканасын түзүү чечилген.

## Эл аралык тажрыйба

Азыркы мезгилде аталган тутум 20 өлкөдө иштетилүүдө. Адистердин эсептөөлөрү боюнча Эстониядагы ушуга окшош тутум – «X-road» жылына 1 млрд еврого чейин жана 800 жыл жумуш убактысын үнөмдөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Эстонияда:

- «X-road» тутумуна 647 коммерциялык уюмдар жана 487 мамлекеттик мекемелер туташтырылышкан;
- 2 580 маалымат сервистери бар;
- 2017-жылдын ичинде 563 276 147 өз ара аракеттенүү же маалымат алмашуулар жүргүзүлгөн;
- 99% мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр – онлайн түргө өткөн;
- 52 000 уюм кыйыр түрдө «X-Road» маалыматтар базасын колдонушат;
- 98% жарандар ID-карталарга ээ;
- 88% интернетти дайыма колдонушат.

2018-жылдын 23-апрелинде Кыргыз Республикасынын «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутуму эл аралык таанууга татыктуу болгон, ал эми «Электрондук өз ара аракеттенүү борбору» мамлекеттик ишканасы X-Road – дүйнөдөгү электрондук платформанын операторлорунун үчүнчүсү болуп – Эстония жана Финляндиядан кийин көрсөтүлгөн.

## Кыргыз Республикасындагы «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутумун ким администрациялайт?

«Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутумун натыйжалуу ишке киргизүү максаттарында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетине караштуу «Электрондук өз ара аракеттенүү борбор» мамлекеттик ишканасы

түзүлгөн (мындан ары – «ЭАБ» МИ).

«ЭАБ» МИнин **максаты** мамлекеттик органардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик мекемелердин жана ишканалардын, ошондой эле юридикалык жана жеке жактардын электрондук форматта мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жана электрондук башкарууну жүзөгө ашыруу учурундагы өз ара электрондук аракеттенүүнү камсыздоо эсептелет.

«ЭАБ» МИнин милдеттери төмөнкүлөр:

- «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутумун администирлөө жана техникалык камсыздоо;
- «Түндүк» тутумунун алкагында электрондук башкарууну жүзөгө ашыруу учурунда мамлекеттик органардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик мекемелердин жана уюмдардын, ошондой эле юридикалык жана жеке жактардын ортосунда маалымат алмашууну камсыздоо.

## Бардык эле мамлекеттик органдарда маалыматтар базалары барбы?

Бардык эле мамлекеттик органдарда зарыл болуучу маалыматтар базалары жок болгондугуна байланыштуу, 2018-жылдын июнь айында «ЭАБ» МИи тарабынан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү электрондук форматка өткөрүү үчүн мамлекеттик органдардын маалыматтык тутумдарын иштеп чыгуусу зарыл экендигин көрсөтө турган Биринчи кезектеги маалыматтар базаларынын Планын иштеп чыгуу демилгеленген.

Бул бийлик органдарын кыска мөөнөттө өздүк маалыматтар базаларын иштеп чыгууга милдеттендире турган жана аларды андан ары «Түндүк» тутумуна туташтыруу үчүн иштелип чыгарылган алгачкы документ.

«ЭАБ» МИ тарабынан жүргүзүлгөн иштердин натыйжасында **25** мамлекеттик органдарда **82** биринчи кезектеги маалымат базалары аныкталган, аларды 2018-2019-жылдары ишке киргизүү керек.

2018-жылдын 15-августунда Биринчи кезектеги маалыматтар базаларынын Планы Кыргыз Республикасынын Премьер-министри М.Д. Абылгазиевдин кеңешмесинде бекитилген жана аткаруу үчүн министрликтер жана ведомстволорго жөнөтүлгөн.

# «Түндүк» тутуму кандай иштейт?



# «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутумун мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында ишке киргизүүнүн алкагында эмнелер жасалган?

2019-жылдын 25-февралына карата абал боюнча **54** министрликтер жана ведомстволор менен макулдашуулар түзүлгөн, **39** министрликти, ведомстволорду жана алардын ведомстволор алдындагы түзүлүштөрүн туташтыруу боюнча техникалык иш-чаралар жүргүзүлүшкөн.

Төмөнкү мамлекеттик органдар ортосунда маалымат алмашуу камсыздалган:

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы;
- Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу Фонду;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы;
- Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку соттуна караштуу Сот департаменти;
- Кыргыз Республикансынын башкы прокуратурасы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик каттоо кызматы;
- Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министирлиги;
- Кыргыз Республикасынын эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги;
- Кыргыз Республикасынын улуттук статистикалык комитети.

Маалымат күн сайын өзгөртүлөт жана www.tunduk.gov.kg сайтынын «Туташтыруунун жүрүшү» салынмасында чагылдырылып турат.

## «ЭАБ» МИ мамлекеттик органдардагы ички процесстерди өзгөртүү боюнча эмнелерди жасап жатат?

Биз ошондой эле мамлекеттик органдардагы ички жол-жоболордун өзгөрүүсүн координациялайбыз.

Мисалы, мамлекеттик сатып алуулар порталында юридикалык жана жеке жактардын карызы жоктугу жөнүндө кагаз түрүндөгү маалымкаттарды берүү зарылдыгын жоюу мүмкүндүгү пайда болду, ал ушул маалыматтарды автоматтык режимде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынан алууга мүмкүндүк берет. Тутум пилоттук режимде 2018-жылдын 17-сентябрынан тартып иштеп жатат.

Андан тышкары, бажылык жана салмак-габариттик контролдоо маалыматар базаларын интеграциялоо үчүн бизнес-процесстерди талдоо жүргүзүлүп жатат; Бул коррупциялык схемаларды жокко чыгарууга, үчүнчү өлкөлөрдөн товарларды импорттоого жана товарларды ЕАЭБ-ден ташып кирүүнү контролдоону жогорулатууга, контрабанда менен күрөшүүгө, бюджеттик жана салыктык келип түшүүлөрдү жогорулатууга, көмүскө бизнестен чыгууга, транзиттик потенциалды жогорулатууга жана ишкерликке күч келүүнү азайтууга, транспорт каражаттарын контролдоо жол-жоболорун жөнөкөйлөштүрүүгө алып келмекчи.

Ушуну менен бирге, жарандардын ыңгайлуулуктарын жогорулатуу жана «балага сүйүнчү» жөлөкпулун берүү учурунда убакытты азайтуу максатында, ЮНИСЕФ менен бирге, ушул жөлөкпулду берүүнүн бизнес-процестерин өзгөртүү жана «Түндүк» тутумунун жардамы менен өз ара аракеттенип жаткан мамлекеттик органдарды автоматташтыруу боюнча долбоор ишке ашырылган.

Аткарылган иштердин жыйынтыгында «балага сүйүнчү» бир жолку төлөнүүчү жөлөкпулду берүүнүн жөнөкөйлөштүрүлгөн механизми сунушталган жана ишке киргизилген, анын алкагында маалымат автоматтык түрдө коммерциялык банктарга жөлөкпулду дайындоо жөнүндө

арыз Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматына келип түшкөндөн кийин жөнөтүлөт.

## «ЭАБ» МИи маалымкаттарды берүүнү жокко чыгаруу жана автоматташтыруу боюнча дагы эмнелерди жасап жатат?

«Түндүк» тутумун ишке киргизүүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоо жана жарандар тарабынан бир мамлекеттик органдан экинчисине маалымкаттарды берүүнү жокко чыгаруу максаттарында, «ЭАБ» МИи тарабынан мамлекеттик органдардан юридикалык жана жеке жактардан суралуучу жана алынуучу маалымкаттарды инвентаризациялоо демилгеленген.

Маалымкат, бир мамлекеттик орган тарабынан берилүүчү жана экинчи мамлекеттик органга жарандын жардамы менен жеткириле турган маалыматты кагазда алып жүрүүчү болуп саналгандыгына байланыштуу, аларды талдоо мамлекеттик органдардын мамлекеттик кызматтарды сунуштоонун алкактарында маалыматтык өз ара аракеттенүүсүн так сүрөттөөгө алып келет.

«ЭАБ» МИ тарабынан суралуучу жана берилүүчү маалымкаттардын жана документтердин саны, ошондой эле алардын мазмуну талдоо жүргүзүлгөн. Айрым учурларда, мамлекеттик органдар өздөрү эле бере турган маалымкатты же документти талап кыла тургандыгы, башка учурларда, маалымкатты же документ берүү үчүн, жарандан дагы бир катар маалымкаттарды жана документтерди алып келүүнү талап кыла тургандыгы аныкталган.

Мында белгилеп кетүү керек, жарандардын паспорт, туулгандыгы тууралуу күбөлүгү, билими жөнүндө аттестаты ж.б.у.с. документтер өз багыты боюнча мамлекеттик органдар тарабынан бериле турган узак мөөнөттүү пайдалануу жана жасалмалоодон коргоосу бар маалымкаттар болуп эсептелишет.

**Толтурулган анкеталар 32 мамлекеттик органдардан** алынган.

Берилип жаткан маалымкаттар боюнча келип түшкөн анкеталарга талдоо жүргүзүү үчүн суралып жаткан документтердин санын, ошон-

дой эле маалымкаттарды берүү үчүн талап кылынуучу убакытты аныктоого мүмкүндүк берген. Андан тышкары, маалымкатты алуу үчүн зарыл болгон жана потенциалдуу автоматташтырылышы керек болгон документтер тизмеги жарандардын маалымкаттарды алуусун жөнөкөйлөштүрүү жана мамлекеттик кызматкерлердин иштеп чыгуу жол-жобосун жеңилдетүү үчүн аныкталган. Бул автоматташтыруу жана маалыматтар базаларын түзүү жолу менен маалымкаттарды талап кылууларды жокко чыгаруу боюнча баа берүүгө шарт түздү.

Изилдөөнүн жыйынтыгында төмөнкүдөй жыйынтык чыгарылды:

- жарандарга **32** мамлекеттик органдар тарабынан **161** маалымкат берилет;
- жарандардан **27** мамлекеттик органдар тарабынан **187** маалымкат талап кылынат;
- **161** маалымкатты алуу үчүн жарандар ар түрдүү документтерин **517** жолу берүү зарыл болот;
- **161** маалымкатты алуу үчүн жарандар **188** документти алып келүү керек;
- **36 берилип жаткан** маалымкатты Биринчи кезектеги маалыматтар базаларын ишке киргизүү Планы ишке ашырылгандан кийин автоматташтырууга мүмкүн болот.
- **92 суралып** жаткан маалымкаттарды Биринчи кезектеги маалыматтар базаларын ишке киргизүү Планы ишке ашырылгандан кийин автоматташтырууга мүмкүн болот.

Мамлекеттик органдар тарабынан суралуучу жана берилүүчү маалымкаттар тууралуу маалыматтарды салыштыруудан улам, төмөнкүлөрдү системалаштырып аныктоо мүмкүндүгү пайда болду:

- кайсы мамлекеттик орган кандай маалыматтар базасын түзүшү керек;
- кайсы мамлекеттик орган башка мамлекеттик органдын маалыматтар базасына туташуусу керек;
- кайсы мамлекеттик орган кайсы маалыматты автоматтык түрдө берүүгө тийиш;

- кайсы мамлекеттик орган кайсы маалыматты автоматтык түрдө алууга тийиш.

Бул талдоо мамлекеттик жана муниципалдык органдардан берилген маалыматтарга ылайык гана түзүлгөндүктөн, айрым маалымкаттар талдоого киргизилбей калуу тобокелдиги бар.

Ошону менен бирге, жүргүзүлгөн талдоо автоматташтыруунун эң көп талап кылынуучу тармактарын аныктоого мүмкүндүк берет.

Маалымкаттарга жүргүзүлгөн инвентаризациялоонун жыйынтыгы болуп биринчи кезектеги маалыматтар базаларынын жана мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүүсүнүн таблицасы («жол картасы»), ошондой эле мамлекеттик органдар тарабынан сураштырылуучу жана берилүүчү маалымкаттарды автоматташтыруу боюнча План эсептелип калды.

Маалымкаттар боюнча толук изилдөө менен https://www.tunduk.gov.kg/ сайтынан таанышууга мүмкүн болот.

## Жеткиликтүү электрондук сервистер тизмеги менен кайдан таанышууга болот?

Иштелип чыгарылган электрондук сервистер тизмеги менен https://catalog.ordo.gov.kg/, сайтынан таанышууга мүмкүн болот, ал автоматтык түрдө «Түндүк» тутумуна туташтыруу учурунда жаңыртылат.

## «Түндүк» тутумуна юридикалык жактар туташа алышабы?

«Түндүк» тутумуна банктар, камсыздандыруу компаниялары, дарыканалар, кредиттик бюро жана башка юридикалык жактар туташа алышат.

## Кантип «Түндүк» тутумунун катышуучусу болуга мүмкүн?

«Түндүк» тутумуна туташуу үчүн келечектеги катышуучуга төмөнкүлөр талап кылынат:

1. «Түндүк» тутумуна туташууга карата билдирмени толтуруу жана «ЭАБ» МИ менен кошулуу/өз ара аракеттенүү тууралуу макулдук түзүү, мында «Түндүк» тутумуна туташуу учурундагы тараптардын укуктары жана милдеттенмелери жазылат. Эки документти тең tunduk.gov.kg сайтынан («Кантип катышуучу болууга болот» салынмасы) көчүрүп алууга болот, андан ары аларды басып чыгарып, толтуруп, уюмдун жетекчисинин колун койдуруп жана «Электрондук өз ара аракеттенүү борбору» мамлекеттик ишканасынын дарегине жөнөтүү керек;
2. минималдуу техникалык мүнөздөмөлөрү менен серверди/виртуалдык машинаны даярдоо: Ubuntu 14.04, 64-bit, 3 GB RAM, 80GB freedisk space, бөлүнүп коюлган статикалык «ак» IP-дарек (талаптардын кеңири сүрөттөлүшү «ЭАБ» МИнин сайтында келтирилген);
3. «Инфоком» МИден эки электрондук санариптик колтамганы жана бир ачкыч маалымат алып жүрүүчүнү Jacarta (токен) алуу. Ушундан кийин «ЭАБ» МИнин кызматкерлери менен зарыл болуучу программалык камсыздоону андан ары калыпка салуу жана орнотуу үчүн байланышуу зарыл;
4. өзүнүн маалыматтык тутумун ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү чечимдеринин Каталогунда каттоо. Бул үчүн «ЭАБ» МИ Каталогго кирүү уруксатын алуу үчүн кайрылуу керек. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, «Түндүк» тутумунун катышуучусу өзүнүн маалыматтык тутумун жана «Түндүк» тутуму аркылуу көрсөтүлүүчү кызматтарын Каталогдо сүрөттөөгө жана каттоого милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын
Премьер-министринде
болгон кеңешменин

ПРОТОКОЛУ

15.08.2018 ж. г. № 18-82

# «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутуму тууралуу

(Кутнаева, Панкратов, Касымалиев, Ахметова, Шаршембиев, Омурбекова, Боронов, Абылгазиев)

Мамлекеттик органдардын биринчи кезектеги маалыматтар базаларын иштеп чыгуу Планынын (мындан ары – План) долбоорун жана министрликтерди жана ведомстволорду «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутумуна (мындан ары - «Түндүк» ВЭӨТ) туташтыруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты угуп жана талкуулап, чечим кабыл алынды:

1. Мамлекеттик органдардын биринчи кезектеги маалыматтар базаларын иштеп чыгуу Планы бекитилсин.

2. Министрликтер жана ведомстволор:

- Планга ылайык маалыматтар базаларын иштеп чыгуу жана ишке киргизүүнү жана аларды «Түндүк» ВЭӨТүнө туташтырууну артыкчылыктуу катары эсептешсин;

- биринчи кезектеги маалыматтар базалары иштеп чыгарылгандан кийин маалыматты ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү чечимдеринин Каталогуна киргизишсин, ал «Түндүк» ВЭӨТүнүн катышуучулары жөнүндө маалыматты эсепке алууну жана берүүнү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 11-апрелиндеги №200 токтому менен бекитилген «Түндүк» ВЭӨТүндө маалыматтык тутумдардын өз ара аракеттенүү Талаптарына ылайык жүзөгө ашыруучу маалыматтык тутум болуп саналат;

- ченемдик укуктук акттарды иштеп чыгуу жана экспертизалоо учу-

рунда жеке адамдарга жана юридикалык жактарга кагаз форматында маалымкаттарды берүү тууралуу ченемдерди жокко чыгаруу мүмкүндүгүн, маалыматты электрондук форматта Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу пайдалануу мүмкүндүгүн эске алуу менен караштыруу, же болбосо мамлекеттик органдарды маалыматты «Түндүк» ВЭӨТүнүн жардамы менен ведомстволор аралык маалыматтар алмашуу жолу менен өз алдынча алууга милдеттендирүү;

- эл аралык уюмдардан техникалык жардам суроо учурунда артыкчылыктуу багыт катары электрондук башкарууну жана маалыматтык технологияларды ишке киргизүүнү караштыруу.

3. Мамлекеттик органдардын жетекчилерине мамлекеттик органдардын биринчи кезектеги маалыматтар базаларын иштеп чыгуу планын аткаруу үчүн жеке жоопкерчиликти жүктөө.

4. Кыргыз Республикасынын биринчи вице-премьер-министри К.А. Бороновдун 2018-жылдын 6-июнундагы № 18-61 (2018-жылдын 12-июнундагы чыг. № 18-2488) жана 2018-жылдын 27-июнундагы № 18-68 (2018-жылдын 12-июнундагы чыг. № 18-2777) протоколдук тапшырмаларын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын Жетекчисинин орун басары Э.Б. Бусурманкуловдун 2018-жылдын 10-июлундагы № 18-2488 (2018-жылдын 12-июнундагы чыг. № 18-2488) тапшырмасын аткарышпаган, же туура эмес маалыматты (берилүүчү же суралуучу маалымкаттардын жоктугу тууралуу) беришкен министрликтер жана ведомстволор, бир жума мөөнөтү ичинде жогоруда көрсөтүлгөн протоколдордун иш-чараларын аткарууну аякташсын жана тапшырмаларды аткаруу тууралуу талап кылынган маалыматты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына, аткарбай коюу себептерин түшүндүрүү жана аткаруучулардын жоопкерчилигин караштыруу менен киргизишсин;

- 2018-жылдын 30-сентябрына чейинки мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетине караштуу «Электрондук өз ара аракеттенүү борбору» мамлекеттик ишканасына кайсы бир кызматтарды сунуштоо же мамлекеттик органдын функцияларын аткаруу менен байланышкан мамлекеттик же муниципалдык органдын маалыматтык тутумда-

рын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү боюнча сунуштарын (мамлекеттик органдардын биринчи кезектеги маалыматтар базаларында эсепке алынбаган) беришсин жана аткаруунун реалдуу мөөнөттөрүн аныкташсын;

- Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетине караштуу «Электрондук өз ара аракеттенүү борбору» мамлекеттик ишканасы мамлекеттик жана муниципалдык органдардан жооптор алынгандан кийин сунуштарын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына киргизсин.

5. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетине караштуу «Электрондук өз ара аракеттенүү борбору» мамлекеттик ишканасына көмөк көрсөтсүн.

6. Кыргыз Республикасынын экономика министрлиги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги жана Кыргыз Республикасынын маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитети менен биргеликте Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 токтому менен бекитилген электрондук форматка которулууга тийиш болгон мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр тизмегин кайра карап чыксын жана сунуштарды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына киргизсин.

7. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетине караштуу «Электрондук өз ара аракеттенүү борбору» мамлекеттик ишканасына Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн көрсөтүлгөн мамлекеттик ишкана тууралуу 2018-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтомун аткаруу үчүн каражаттарды бөлүп берсин.

8. Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитети:

- Президенттин Иштер башкармалыгы жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу фонду менен биргеликте Кыргыз Респу-

бликасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетине караштуу «Электрондук өз ара аракеттенүү борбору» мамлекеттик ишканасын жайгаштыруу үчүн имаратты берүү тууралуу маселени карап чыгышсын.

- электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталындагы мамлекеттик кызматтарды санын кеңейтүү жөнүндө маселени чечүүнү ылдамдатсын. 2018-жылдын 28-сентябрына чейинки мөөнөттө электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталын өнөр жайлык ишке киргизүүнү жүзөгө ашырсын.

9. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын маалыматтык камсыздоо бөлүмү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетине караштуу «Электрондук өз ара аракеттенүү борбору» мамлекеттик ишканасы менен биргеликте «Түндүк» ВЭӨТүнүн алкактарында жүргүзүлүүчү иш-чаралар тууралуу калкка маалымдоо боюнча медиа-план иштеп чыгарсын.

10. Ушул протоколдун чечимдерин аткарууну контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын бөлүмдөрүнө жүктөлсүн:

- 2, 3 жана 4 пункттары – тиешелүү бөлүмдөргө;

- 5-пункт - эл аралык кызматташуу бөлүмүнө;

- 6-пункт – экономика жана инвестициялар бөлүмүнө жана мамлекеттик кызмат бөлүмүнө;

- 7-пункт - финансылар жана кредит саясаты бөлүмүнө;

- 8-пункттар – курулуш, транспорт жана коммуникациялар бөлүмүнө.

**Премьер-министр** **М.Д. Абылгазиев**

## «Түндүк» тутуму кандай иштейт?

| № | Маалыматтар базаларынын аталыштары | Ишке киргизүү мөөнөтү | Жооптуу аткаруучу |
|---|---|---|---|
| 1 | Кыймылдуу мүлккө карата милдеттенмелери аткаруу боюнча (келишим боюнча) талаптар укуктарын каттоо боюнча маалымат | 2018-ж. 30-сентябры | Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги |
| 2 | Юридикалык жак, филиал (өкүлчүлүк) боюнча маалыматты берүү | 2018-ж. 31-декабры | |
| 3 | Нотариалдык аракеттерди жүзөгө ашыруучу жактардын мамлекеттик реестринен алынуучу маалымат | 2019-ж. 31-майы | |
| 4 | Бюджетке келип түшкөн салык милдеттенмелерин берүү боюнча маалымат | 2018-ж. 30-сентябры | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги |
| 5 | Бюджетке келип түшкөн төлөмдөр жөнүндө маалымат | 2018-ж. 30-ноябры | |
| 6 | Адамдарды издөө жөнүндө маалымат («Издөө») | 2018-ж. 30-ноябры | Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги |
| 7 | Соттолуусунун бар экендиги тууралуу маалымат | 2019-ж. 30-январы | |
| 8 | Транспорт каражаттарын издөө боюнча маалымат («Багыттама») | 2019-ж. 30-январы | |
| 9 | ЖКЭни бузган транспорт каражаттары жөнүндө маалыматты берүү (ЖКККББ) | 2019-ж. 30-январы | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 10 | Төрөлүү жана өлүм учурлары жөнүндө маалымат | 2018-ж. 15-ноябры | Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги |
| 11 | Саламаттыкты сактоо уюмдары жөнүндө маалымат | 2019-ж. 28-февралы | |
| 12 | Саламаттыкты сактоо ууюмдарына карата катталган калк тууралуу маалымат | 2018-ж. 31-декабры | |
| 13 | Кыргыз Республикасында катталган дары-дармек каражаттары боюнча маалымат | 2019-ж. 28-февралы | |
| 14 | Кыргыз Республикасынын жарандарында психикалык бузулуулар бар экендиги тууралуу маалымат | 2019-ж. 31-январы | |
| 15 | Кыргыз Республикасынын жаранында наркологиялык бузулуулар бар экендиги тууралуу маалымат | 2019-ж. 31-январы | |
| 16 | Сасык тумоо жана курч кармаган респиратордук оорулардын катталган учурлары жана алардын эпидемиологиялык чеги жөнүндө маалымат. | 2019-ж. 31-марты | |
| 17 | Саламаттыкты сактоо уюмдары боюнча убактылуу ишке жарамсыздыктын берилген баракчалары боюнча маалымат (I баскыч – Бишкек ш.) | 2019-ж. 31-июну | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 18 | Саламаттыкты сактоо уюмдарынын электрондук амбулатордук медициналык картасынан алынган маалымат (I баскыч – Чүй областы) | 2019-ж. 30-сентябры | Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги |
| 19 | Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк окуу жайлары тарабынан берилген билим тууралуу документердин эквивалент-түүлүгүн таануу тууралуу маалымат | 2018-ж. 30-ноябры | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги |
| 20 | Менчик формасынан жана ведомстволорлук баш ийүүсүнөн көз карандысыз, студент тарабынан билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн жыйынтыктарын кошо алуу менен орто жана жогорку кесиптик окуу жайларынын студенттери тууралуу маалымат | 2019-ж. 28-февралы | |
| 21 | Кыргыз Республикасында берилген жогорку жана орто кесиптик билиминин дипломдору, толук жана толук эмес орто билими тууралуу маалымат | 2019-ж. 28-февралы | |
| 22 | Кыргыз Республикасынын баштапкы жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим программалары боюнча окуучулар жана жалпы билим берүү уюмдарындагы мугалимдер жөнүндө маалымат | 2018-ж. 31-декабры | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 23 | Кыргыз Республикасынын студент-жарандарын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан чет өлкөлүк мамлекеттердин билим берүү уюмдарында окутууга жөнөтүү жөнүндө маалымат | 2019-ж. 28-февралы | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги |
| 24 | Мурда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ведомстволорлук сыйлыктарын алышкан жеке жактар тууралуу маалыматтар базасынан алынган маалымат | 2019-ж. 31-январы | |
| 25 | Билим берүү ишмердигин жүзөгө ашыруу укугуна карата лицензиялардын жана сертификаттардын бар экендиги тууралуу маалыматты берүү | 2019-ж. 31-январы | |
| 26 | Билим берүү жана илим тутуму тууралуу статистикалык, маалыматтык жана башка маалыматтарды берүү боюнча маалымат | 2019-ж. 31-декабры | |
| 27 | Жүргүнчүлөрдү ташуучулар жана эл аралык жүк ташуучулар тууралуу маалыматты берүү | 2018-ж. 30-сентябры | Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жолдор министрлиги |
| 28 | Жөлөкпулдарды алуучу адамдар тууралуу маалыматты берүү | 2018-ж. 30-сентябры | Министерство труда и социального развития Кыргызской Республики |
| 29 | Бала асырап алуу жөнүндө маалымат | 2018-ж. 31-декабры | |
| 30 | Эмгек рыногунун маалыматтык тутуму | 2019-ж. 30-апрели | |
| 31 | ДМЧАлар боюнча маалымат | 2019-ж. 30-июну | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 32 | Бирдиктүү формадагы Евразия экономикалык биргигинин техникалык регламенттеринин талаптарына шайкештиктин берилген сертификаттары тууралуу маалымат. | 2018-ж. 30-ноябры | Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги |
| 33 | Бирдиктүү формадагы Евразия экономикалык биргигинин техникалык регламенттеринин талаптарына шайкештиги жөнүндө берилген декларациялар тууралуу маалымат. | 2018-ж. 30-ноябры | |
| 34 | Бирдиктүү формадагы Евразия экономикалык биргигинин техникалык регламенттеринин талаптарына продукциянын шайкештигине баа берүүнү жүзөгө ашырышкан сертификаттоо боюнча органдар жөнүндө маалымат | 2018-ж. 30-ноябры | |
| 35 | Бирдиктүү формадагы Евразия экономикалык биргигинин техникалык регламенттеринин талаптарына продукциянын шайкештигине баа берүүнү жүзөгө ашырышкан сыноо лабораториялары (борборлору) жөнүндө маалымат | 2018-ж. 30-ноябры | |
| 36 | Техникалык кароодон өтүшкөн транспорт каражаттары тууралуу маалымат | 2019-ж. 30-декабры | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 37 | Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу арыздарды берүү,<br>Электрондук төлөмдөрдүн мамлекеттик тутуму аркылуу акытөлөө жөнүндө маалымат | 2018-ж. 15-октябры | Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитети |
| 38 | Радиожыштык нурлануусуна карата жабдуулардын шайкештиги жөнүндө маалымат | 2019-ж. 31-марты | |
| 39 | Номерлөөнүн бөлүнгөн улуттук ресурсу боюнча маалымат | 2019-ж. 31-майы | |
| 40 | СИН маалыматтарды берүү боюнча маалымат | 2018-ж. 30-сентябры | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы |
| 41 | Салык төлөөчү болуп таанылган салык карызынын бардыгы тууралуу маалымат | 2018-ж. 30-сентябры | |
| 42 | Жеке ишкердик ишмердигин жүргүзүү боюнча маалымат | 2018-ж. 30-сентябры | |
| 43 | Юридикалык жактар тарабынан мамлекеттик бюджеттин пайдасына жүргүзүлгөн факт жүзүндөгү салык төлөмдөрү тууралуу маалымат | 2018-ж. 31-декабры | |
| 44 | FORM STI 132,133,133-01,134 формалары боюнча салык төлөөчүлөрдүн кирешеден алынуучу салык боюнча маалымат | 2018-ж. 31-декабры | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 45 | Никелешүүсүн каттоо /никесин бузуу тууралуу акттарды (үй-бүлөлүк абалы) тууралуу акт жазууларын каттоо тууралуу маалымат (2015-жылдан тартып) | 2018-ж. 30-сентябры | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы |
| 46 | ИЖН боюнча маалыматты берүү (1996-жылдан тартып) | 2018-ж. 30-сентябры | |
| 47 | Өлүм актын каттоо тууралуу маалымат (2015-жылдан тартып) | 2018-ж. 30-сентябры | |
| 48 | Паспорттун статусу боюнча маалымат (жарактуу/жараксыз). Паспорт маалыматтары тууралуу маалымат (2006-жылдан тартып) | 2018-ж. 30-сентябры | |
| 49 | Баланын туулгандыгын каттоо тууралуу маалымат (2015-жылдан тартып) | 2018-ж. 30-сентябры | |
| 50 | Кыргыз Республикасынын Дарек каттоосунан алынган маалымат (областтардын, райондордун, калктуу пункттардын, көчөлөрдүн аталыштары) (2015-жылдан тартып) | 2018-ж. 30-сентябры | |
| 51 | Дарек-маалымдама бюросунан алынган маалымат (ДМБ) (каттоо орду) – каттоосунун дареги (1990-жылдан тартып) | 2018-ж. 31-октябры | |
| 52 | Транспорт каражаты тууралуу маалымат (1996-жылдан тартып) | 2018-ж. 31-октябры | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 53 | Катталган чет өлкө жарандары тууралуу маалымат (2017-жылдан тартып) | 2018-ж. 30-ноябры | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы |
| 54 | Кыймылсыз мүлк жөнүндө маалымат (2012-жылдан тартып) | 2019-ж. 31-марты | |
| 55 | Кыймылсыз мүлккө карата жүк келүүнүн бардыгы боюнча маалымат (2012-жылдан тартып) | 2019-ж. 31-марты | |
| 56 | Дипломдорду жана аттестаттарды валидациялоо боюнча маалымат (2005-жылдан тартып) | 2019-ж. 31-марты | |
| 57 | Кыймылдуу мүлккө карата жүк келүүнүн бардыгы боюнча маалымат (1996-жылдан тартып) | 2019-ж. 30-апрели | |
| 58 | Эркинен ажыратуу жайларынан бошотулган адамдар боюнча маалымат | 2019-ж. 31-марты | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы |
| 59 | Кыргыз Республикасынын жыйнактама санкциялык тизмеги (Террористтик жана экстремисттик ишмердикке же массалык жок кылуунун куралын таркатууга тиешеси бар жеке жана юридикалык жактардын тизмеги) | 2019-ж. 30-январы | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансылык чалгындоонун мамлекеттик кызматы |
| 60 | Товарларга карата бажы декларациясы боюнча маалымат | 2018-ж. 30-ноябры | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы |
| 61 | Төлөмдөр боюнча маалымат | 2018-ж. 31-декабры | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 62 | Товар белгилеринин маалыматтарынын улуттук базасы боюнча маалымат | 2019-ж. 28-февралы | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы |
| 63 | Илимий-техникалык документациянын жарактуулугу тууралуу маалымат | 2019-ж. 31-марты | |
| 64 | Спорттук наамдардын бар экендиги тууралуу маалыматты берүү | 2019-ж. 30-майы | Кыргыз Республикасынын Жаштар иштери, дене тарбиясы жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиги |
| 65 | Кыргыз Республикасынын өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын статусу жөнүндө маалымат | 2019-ж. 28-февралы | Кыргыз Республикасынын курчап турган чөйрө жана токой чарбачылыгы мамлекеттик агенттиги |
| 66 | Ири мүйүздүү малдын бар экендиги боюнча маалымат | 2019-ж. 31-марты | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция |
| 67 | ММК бар экендиги боюнча маалымат | 2018-ж. 30-октябры | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу Фонду |
| 68 | Дарыланып айыккан учурлар боюнча маалымат | 2019-ж. 28-февралы | |
| 69 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу Фонду | 2019-ж. 30-июну | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу Фонду |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 70 | Камсыздандыруу салымдары боюнча карызынын бардыгы тууралуу маалымат | 2018-ж. 31-декабры | Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду |
| 71 | Пенсия алуу боюнча маалымат | 2019-ж. 31-январы | |
| 72 | Камсыздандырылган адамдын иш мезгилдери тууралуу маалымат | 2019-ж. 31-январы | |
| 73 | ММК фонду боюнча акыркы чегерүү мезгили тууралуу маалымат | 2019-ж. 31-январы | |
| 74 | Камсыздандыруу салымдарынын төлөөчүсүнүн статусу жөнүндө маалымат (төлөөчүгө билдирме) | 2019-ж. 31-январы | |
| 75 | Мамлекеттик социалдык камсмыздандыруу каражаттары боюнча эсептик ведомостводон алынган маалымат | 2019-ж. 1-июлу | |
| 76 | Бош кызмат орундары боюнча маалымат | 2019-ж. 30-октябры | Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы |
| 77 | Товарлар менен тышкы соодалашуу боюнча маалыматтар базасын түзүү (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматынан алынган маалыматтардын негизиндеги товарларга карата декларациялар боюнча маалыматтар) | 2018-ж. 31-декабры | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 78 | Чарба жүргүзүүчү субъекттердин отчетторунун интеграцияланган маалыматтар базасын түзүү (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Социалдык фондунан алынган маалыматтардын негизинде) | 2019-ж. 31-июлу | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети |
| 79 | Калктын табигый жана миграциялык кыймылы боюнча маалыматтар базасын түзүү (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын маалыматтарынан) | 2019-ж. 30-сентябры | |
| 80 | Жүк келүүнүн бардыгы боюнча маалымат | 2019-ж. 30-июну | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти |
| 81 | Транспорт каражаттарын башкаруу укугунан ажыратылган адамдар боюнча маалымат | 2019-ж. 30-июну | |
| 82 | Диссертациялардын авторефераттары жана диссертациялар боюнча маалымат | 2019-ж. 30-сентябры | Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы |

**Эскертүү:** Биринчи кезектеги маалыматтар базаларын иштеп чыгууну аяктагандан кийин жооптуу аткаруучулар (мамлекеттик органдар) тиешелүү маалыматты «Түндүк» ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү чечимдеринин Каталогунда толтурууга тийиш болушат (https://catalog.ordo.gov.kg/ ).

Аталган Каталог «Түндүк» ВЭӨТүнө туташтырылган «Түндүк» ВЭӨТүнүн катышуучулары жана «Түндүк» ВЭӨТүнүн жардамы менен көрсөтүлүүчү кызматтар, ошондой эле «Түндүк» ВЭӨТүндө колдонулуучу бирдиктүү классификаторлор жана маалымдамалар тууралуу катышуучулардын маалыматтар тутумунда маалыматты топтоону, эсепке алууну жана берүүнү жүзөгө ашыруучу маалыматтык тутум болуп саналат.

«Электрондук өз ара аракеттенүү борбору» Мамлекеттик ишканасы

Кыргыз Республикасы,  Бишкек ш., Токтоналиев көч., 96

**Расмий веб-сайты:**

www.tunduk.gov.kg

**Электрондук почтасы:**

office@tunduk.gov.kg

**Телефону:**

(0312) 61-01-39

**Факсы:**

(0312) 54-66-46

**Сааттар**

Дүйшөмбү—жума: 9:00–18:00